# Этикалык норма

Этикалык норма – бир типтүү жорук-жосундарга пайдаланылган жалпы эрежелер менен тыйуу салуулардын жардам аркасында адамдардын жүрүм – турумун жөнгө салган адеп-ахлактын талаптаптардын формасы. Укуктук нормалардан айырмаланып этикалык норма, мамлекеттик бийликтин негизинде эмес, каада-салт менен коомдук пикирдин күчү аркылуу санкцияланат. Кимдер бирөө тарабынан атайын чыгаргылган мыйзамдын натыйжасында эмес, коомдун адеп-ахлактык аң-сезимде стихиялуу пайда болот. Өз алдынча турганда этикалык нормалар адамдын жүрүм-турумун жетишээрлик түрдө жөнгө сала албайт. Өзүнүн  абстрактуу түрдөгү жалпы мүнөзүнө байланыштуу алар ар кандай өзгөчө жагдайлар менен шарталган ыктымалдуу чектен чыгууларды карай албайт, ошол себептен тигил же бул этикалык нормаларды конкреттүү кырдалдарга карата пайдалануу боюнча мазмуну кеңири жана ошол эле учурда конкреттүү болуп саналган адеп-ахлактык принциптердин негизинде чечилиши зарыл. Өзүнүн социалдык мазмуну боюнча этикалык нормалар жалпы адамзаттык тарыхый чектүү таптык мүнөздө болушу мүмкүн. Таптык мүнөздөгү этикалык норма бир коомдук формациядан экинчисинде экичисине өткөн учурда узак мезгилдер бою сакталат, жаңы этикалык номалар түзүлгөнгө чейин акырындык менен талкаланат